**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДАКАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э.АЛИЕВ АТЫНДАГЫ
КР ИИМДИН АКАДЕМИЯСЫ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.12.16.538**

***Кол жазма укугунда***

УДК 342.9:[343.137.5:347.157](0.43)

**Сопубекова Назира Толоновна**

# Жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуунун жана бөгөт коюунун тутуму: административдик-укуктук аспектиси

12.00.14 - административдик укук; финансы укук, маалыматтык

Юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын
изденип алууга диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек 2016**

Иш Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиядагы административдик жана финансылык укук кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** юридика илимдеринин доктору, профессор **Керезбеков Канат Керезбекович**

**Расмий оппоненттер:** юридика илимдеринин доктору, доцент **Молдоев Эдилбек Эсенович**

юридика илимдеринин кандидаты **Сыдыгалиева Айнаш Сагыновна**

**Жетектөөчү уюм:** Д.А.Кунаев атындагы Евразия юридикалык академиясынын конституциондук, эл аралык жана бажы иши кафедрасы, дареги: Алматы ш., Курмангазы көч., 107

Диссертацияны коргоо 2016-жылдын 28-декабрында саат 11.00де Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясында жана милициянын генерал-майору Е.А.Алиев атындагы КР ИИМдин академиясында юридикалык илимдердин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алууга диссертацияларды коргоо боюнча Д.12.16.538 Диссертациялык кеңешинин жыйналышында Бишкек ш., Чүй проспекти, 108 а, конференц-зал, 412-кабинет дареги боюнча болот.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын илимий китепканасында 720001 Бишкек ш.,Чүй проспекти, 108 а (htt:// www.ksla.kg) боюнча таанышууга болот.

Автореферат 2016-жылдын 26-ноябрында таратылган.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы**
**ю.и.д., доцент** **Рысмендеев Б.Ж.**

## ЖУМУШТУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстандагы саясий жана социалдык кырдаалдын өзгөрүлүүсү өлкөнүн калкына өзүнүн таасирин тийгизип келген жана тийгизүүсүн улантууда, ал ар дайым эле жагымдуу боло бербейт. Мында кайра өзгөрүүлөрдүн терс таасири баарыдан мурда өсүп келе жаткан муунга тийүүдө. Азыркы убакта биз республикада жашы жетелектердин кароосуздугу, көзөмөлсүздүгү, укуктук жактан коргоосуздугу өсүп бара жатканын моюнга алууга аргасызбыз. Мамлекет мыйзам чыгаруучу органдары аркылуу көптөгөн укуктук документтерди чыгарууда, бирок жарандардын мына ушул категориясын ишенимдүү коргоого алалбай келүүдө.

Ушуга байланыштуу өсүп келе жаткан муун коомдо жашап кетүүнүн катаал шарттарына ыңгайлашууга аргасыз болууда. Анан бул баарынын эле колунан келбей калууда. Кыргыз Республикасынын ИИМ маалыматтары боюнча, ошондой эле жана башка расмий булактар боюнча жашы жетелектердин арасындагы укук бузуулардын саны кыйла жогору болууда. Алып айтканда, Бишкек мэриясынын маалыматтары боюнча 2015-жылдын 1-январына карата «тобокелдик тобунда» 15477 бала каттоодо турган («Бишкек шаарынын мэриясынын 2014-жыл үчүн иштери жана 2015-жылга милдеттери жөнүндө» Бишкек шаарынын мэри К. К. Кулматовдун отчекту – Бишкек, 2015. 36-б.) Кыргыз Республикасынын ИИМ Жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу борборуна (ЖУАБ) 2015-жылы бардыгы 1238 жашы жетелектер алып келинген.

Ошондой эле 2015-жылы жашы жетелектер тарбияланып жаткан 12475 жайсыз үй-бүлөлөр аныкталган. [Талкамбаева Дж. Жашы жетелектердин кылмыштуулугунун абалы жөнүндө: БШК депутаттарынан алдындагы 2013-жылдын 3-ноябрындагы отчет/Дж. Талкамбаев [Электрондук ресурс]. – URL: http://svodka.akipress.org\news:144430].

Расмий статистика ушундай, бирок иштин айкын абалы, биздин пикирибизче, кыйла кооптуу, бул объективдүү да, ошондой эле субъективдүү дагы жагдайларга байланыштуу.

Мына ошондуктан жашы жетелектер менен иштөөгө ыйгарым укук берилген субъекттердин ролу бир кыйла өсүп отурат. Жашы жетелектердин арасындагы укук бузуулардын алдын алуу бул иштердин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Кыргызстанда түзүлгөн кырдаалдарда, жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу тутумунун бардык субъекттеринин күч-аракеттерин бириктиргенде гана бул жумуштардан оң натыйжа чыгышы мүмкүн.

Иш жүзүндө өз ара аракеттенүүнүн абалына бир жактуу баа берүү кыйын. Балдар жана өспүрүмдөр менен иш алып барууда көп жылдык тажырыйбага ээ болушкан алдын алуунун көптөгөн субъекттери же өз иштерин токтотушкан же болбосо бул иштен өздөрү четтеп кетишкен. Акыркы жылдары жаңыдан түзүлгөн субъекттер жакшы ниетте болушса дагы, айрым убактарда өздөрүнүн компетентсиздиктеринен, ал эми көп убактарда финансылык жактан камсыз болушпагандыктарынан улам дагы бул жумушту талаптагыдай жүзөгө ашыра алышпайт.

Жашы жетелектердин укук бузуулары, аларды алдын алуу менен байланышкан көйгөйлөрдүн актуалдуудугу, татаалдыгы жана көп жактуулугу, каралып жаткан маселелердин теориялык жана практикалык мааниси көп жылдардан бери карай ушул көйгөйлөргө карата болгон юристтердин, психологдордун, педагогдордун кызуугууларын аныктап келе жатат.

Бүгүнкү күндө жашы жетелектердин укук бузуулары менен байланыштуу көйгөйлөрдөн улам, кылмыштуулуктун алдын алуу маселелери кыйла деңгээлде изилдөөгө алынууда. Ошону менен бирге, жашы жетелектердин арасындагы укук бузууларды алдын алуу тутумун административдик жөнгө салууну укуктук жактан камсыз кылуу жалпысынан жетиштүү окуп үйрөнүлгөн эмес.

Баяндалгандар жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алууну административдик жөнгө салууга байланышкан укуктук жана уюштуруучулук көйгөйлөрдү ага карата комплекстүү мамиле кылуунун деңгээлинде гана чечүүгө мүмкүн экени жөнүндө жана жашы жетелектердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга, жашы жетелек укук бузуучуларга профилактикалык таасир этүү чараларынын натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөрү тууралуу тыянак

чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Статистикалык маалыматтар жана аларга байланыштуу жагдайлар жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуунун усулдук-укуктук көйгөйлөрүн илимий жактан иштеп чыгуунун зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрүп турат, ушул диссертациялык изилдөөнүн темасын тандоо дагы мына ушул жагдай менен шарталган.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Ушул диссертациялык жумуш Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз Мамлекеттик юридикалык академиясынын илимий-изилдөө иштеринин планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты** – жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана бөгөт коюу тутумун административдик-укуктук өңүттөн комплекстүү теориялык-укуктук талдоо жүргүзүү; ушул чөйрөдөгү улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча илимий негизделген сунуштамаларды туюндуруу.

Алдыга коюлган максат, баяндалгандарды эске алганда, төмөнкүдөй бир катар негизги **максаттарды** чечүүнүн зарылдыгын аныктайт:

1) жашы жетелектердин укук бузууларын административдик-укуктук алдын алуу жана бөгөт коюу тууралуу теориялык концепцияларды окуп-үйрөнүү;

2) жашы жетелектердин катышуусундагы аяр укуктук мамилелерди укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн табуу;

3) жашы жетелектердин арасындагы укук бузууларды алдын алуу тутумунун иштерин административдик жөнгө салуунун негизги формаларын жана усулдарын аныктоо;

4) жашы жетелектердин арасындагы укук бузуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу тутумунун бардык субъекттеринин негизги уюштуруучулук-укуктук көйгөйлөрүн табуу, алдын алуу субъектеринин натыйжалуу өз ара аракеттенүүлөрүнүн негизги багыттарын аныктоо;

5) жашы жетелектердин арасында укуктук аң-сезимди калаыптандырууга карата комплекстүү мамилени иштеп чыгуу;

6) Кыргыз Республикасында ювеналдык юстицияны калыптандыруунун зарылдыгын негиздөө;

7) жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана бөгөт коюу тутумун административдик-укуктук жөнгө салуу жаатында Кыргыз Респубикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы.** Жумушта Кыргызстанда биринчи ирээт: заманбап шарттарда жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуу жана бөгөт коюу тутумун административдик-укуктук өңүттөн комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн; жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана бөгөт коюу тутумунун субъекттеринин иштерин талдоонун негизинде, мындан ары укук колдонуу үчүн ушул тутумду жөнгө салуунун административдик-укуктук усулдары ар тараптан талдоого алынган; жашы жетелектердин административдик укук бузууларын алдын алуу чараларынын тутумун өркүндөтүүнүн башкы багыттары аныкталган; Кыргызстанда ювеналдык юстицияны киргизүүнүн зарылдыгы далилденген.

**Алынган натыйжалардын иш жүзүндөгү маанилүүлүгү** мына мында турат, иштелип чыгылган жоболор жашы жетелек балдардын укук бузууларынын алдын алуу жана бөгөт коюу тутумунун субъекттеринин иштерине тийиштүү көйгөйлөрдү мындан ары карай илимий изилдөөдө негиз катары кызмат кылуусу мүмкүн. Жасалган тыянактар изилденип жаткан тутумду укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү үчүн пайдаланылышы жана мамлекеттик башкаруу жана юстиция органдарынын укук колдонуу иштеринде колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын материалдары илимий-изилдөө иштеринде, административдик жана үй-бүлөлүк укук боюнча лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өткөрүүдө, «Ювеналдык юстиция» сабагын өкуп-үйрөнүү процессинде пайдаланылышы ыктымал. Теориялык тыянактар жана практикалык сунуштамалар ченемдик укуктук актыларга тешелүү түзөтүүлөрдү иштеп чыгуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлган негизги жоболору:**

1. Жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана эскертүү тутумунун дефинициясынын автордук аныктамасы негизделген, мында ушул тутумдун субъекттеринин жашы жетелектердин укукка каршы жүрүм-турумдарын болтурбоо жана эскертүү боюнча чараларды уюштуруу боюнча жөндөөчү, коргоочу жана тарбиялоочу иш-милдеттерди аткаруучу социалдык тутумду түшүнүү сунуш кылынууда.

2. Жашы жетелектердин катышуусундагы аяр мамилелерди укуктук жөнгө салуу ата мекендик да, ошондой эле кыйла натыйжалуу жана жашы жетелек укук бузуучулар жана алар менен байланыштагы адамдар менен иштерди алып баруунун ата мекендик формаларына ыңгайлашуучу дүйнөлүк тажырыйбанын жетишкендиктерин акыл-эстүү өздөштүрүүгө негизделген сапаттык жактан кайра ойлонуп мамиле кылууга жана реформалоого муктаж экени далилденген.

3. Жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана бөгөт коюу чөйрөсүндөгү стратегиялык артыкчылыктуу багыттарды иш жүзүндө жүзөгө ашыруу натыйжалуу мыйзам чыгаруу саясатын талап кылары далилденген, буга байланыштуу төмөнкүдөй Мыйзамдарды иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун зарылдыгы негизделген:

укук бузуулардын алдын алуунун теңдемделген мамлекеттик тутумун түзүү максатында – «Укук бузуулардын алдын алуунун мамлекеттик тутуму жөнүндө»;

Кыргызстанда социалдык коштоо институтун өнүктүрүү максатында – «Эркиндигинен ажыратылган жерлерден бошонгон адамдарды административдик көзөмөлдөө тууралуу»;

жашы жетелектердин селсаяктыгына каршы күрөшүүнүн салттуу эмес формаларын жана усулдарын издеп табууну камсыз кылуу максатында – «Селсаяктыктын алдын алуу жана селсаяктарды социалдык реабилитациялоо боюнча чаралар жөнүндө»;

мектеп окуучуларында жарандык жоопкерчиликтүүлүктү жана укуктук аң-сезимдүүлүктү калыптандыруу боюнча негизги багыттар;

алардын адеп-ахлактык оймаксаттарын жана руханий багыттамаларын чагылдырылган – «Жашы жетелектерди укуктук тарбиялоо жөнүндө».

4. Жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуу жана болтурбоо тутумунун иштерин административдик-укуктук жөнгө салуунун негизги кемчиликтери ашкереленген.

5. Өз ичинде уюштуруучулук-мазмундук, технологиялык жана кадрдык компоненттер камтылган жашы жетелектердин арасындагы укук бузууларды алдын алууну башкаруу түзүмүнүн автордук модели иштеп чыгылган.

6. Жашы жетелектерге укуктук билим берүүнүн жана тарбиялоонун концепциясы иштеп чыгылган, анын негизине бир эле убакта ишке ашырылышы керек болгон комплекстүү мамилелердин төмөнкүдөй формаларын киргизүү сунуш кылынууда: адеп-ахлактык-укуктук, жарандык-укуктук, этикалык-укуктук жана атуулдук-патриоттук тарбиялоо.

7. Кыргызстанда ювеналдык юстицияны калыптандыруу жалпы жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана бөгөт коюунун бүтүндөй тутумун реформалоонун зарылдыгынан улам келип чыгып жатканы далилденген, жана бул жаңы тутумда ювеналдык сот адилеттиги борбордук орунду ээлеши керек.

Буга байланыштуу ювеналдык сот адилеттигинин автордук трактовкасы сунушталган, мында жашы жетелектердин укуктарын кыйла толук коргоону камсыз кылуу үчүн арналган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын жана уюмдардын тутумуна бириктирилген укуктук механизмдердин жана институттардын, медициналык-социалдык, психологиялык-педагогикалык жана реабилитациялык жолжоболордун жана программалардын жыйындысын түшүнүү сунуш кылынууда.

8. Түздөн-түз сот адилеттигин жүзөгө ашырбаган, бирок өзүнүн иштери менен жашы жетелектердин иштери боюнча сот адилеттигин камсыз кылуу менен байланыштуу ювеналдык тармакты негиздөөнү (жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу тутумун, комкорчулук жана көзөмөлчүлүк органдарын, акыйкатчы институтун, коомдук уюмдарды ж. б. негиздөө) ювеналдык тутумдун түзүмдүк элементи катары эсептөө сунуш кылынууда.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжалары автордун жеке өзү тарабынан алынган; коргоого коюлган жоболорду диссертанттын өзү жеке иштеп чыккан.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары жана аларга негизделген тыянактар жана сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын административдик жана финансылык укук кафедрасындагы талкуулардын процессинде апробациядан өттү, ошондой эле илимий-практикалык конференцияларда, тренингдик семинарларда, тегерек үстөлдөрдө чыгып сүйлөгөн сөздөрдө чагылдырылды. Диссертант тарабынан, автордук жамааттын курамында «Ювеналдык-юстиция» окуу-усулдук куралы иштелип чыгылган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяламаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык изилдөөнүн жоболору автор тарабынан жарыяланган он төрт илимий макалада жана башка авторлор менен биргеликте иштеп чыгылган бир окуу-усулдук куралда баяндалган.

**Диссертациянын түзүмү.** Диссертация Кыргыз Республикасынын ВАК тарабынан коюлуучу талаптарга ылайык аткарылган, жана киришүүдөн, үч главадан, жети бөлүмдөн, тыянактардан, практикалык сунуштамалардан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесиен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн тандалып алынган темасынын актуалдуулугу негиздемеленет, изилдөөнүн максаттары жана милдеттери белгиленет, изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы жана практикалык маанилүүлүгү, диссертациянын коргоого коюлган негизги жоболору, изденүүчүнүн жеке салымы, натыйжаларынын апробациясы жана жарыялануулары ачып көрсөтүлөт.

**«Жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуунун жана эскертүүнүн административдик-укуктук тутуму» деген биринчи главасы** эки бөлүмдөн турат.

***Главанын «Жашы жетелектердин арасындагы укук бузууларды алдын алуунун жана бөгөт коюунун маңызы жана***

***мааниси» деген биринчи бөлүмүндө*** жашы жетелектердин арасындагы укук бузуулардын алдын алуу тутуму ар тараптан талдоого алынат. Жашы жетелектер менен байланышкан айрым өңүттөрдү окуп-үйрөнүүгө көптөгөн заманбап авторлордун илимий эмгектери арналган, алардын ичинде төмөнкүлөр да бар: А.Б.Амирмамедов, Т.Т.Балашов, Н.И.Ветров, Е. О. Винниченко, С.И.Герасимов, Д.В.Гуров, П.З.Дауташвили, Б.В.Зыкин, Н.К.Квитковский, А.А.Киберев, С.П.Козлов, Н.Р.Косевич, Е.И.Мещерякова, А.И.Миллер, Т.В.Обыденова, Т.В.Папкова, Н.И.Пишкина, А.А.Плотников, К.В.Самойленко, О.Ю.Тамбова ж. б. Аталган авторлор тигил же бул деңгээлдерде жашы жетелектердин укукка каршы жүрүм-турумдарын алдын алуу чараларын иштеп чыгуу менен алектенип келе жатышат.

Ошондой эле берилген тематика боюнча өздөрүнүн изилдөөлөрүндө административдик укук бузууларга өзгөчө көңүл бурушкан төмөнкү казак авторлорунун изилдөөлөрүн белгилөө зарыл: С.Т.Алибеков, А.С.Бахралинов, Б.А.Жетписбаев, Ч.С.Кенжеханов, Раззак Назил, Рахман Абдразак кызы, Д.Ш.Сартаев; ата мекендик окумуштуулардын ичинен К.Абдрахманованын, Ч.М.Абжапарованын, А.Б.Алишеванын, Т.К.Акимжановдун, Г.Т.Бекембаеванын, А.М.Жоробекованын, А.Жумабаевдин, А.С.Кадыркулованын, Ж.Ж.Кадырмамбетовдун, А.С.Кубатбекованын, Э.А.Курманалиевдин, Н.К.Маматазизованын, А.К.Миталиповдун, С.М.Муратбекованын, А.С.Осмонованын, Г.Ш.Отунчиеванын, С.К.Рысбаевдин, К.Ж.Сабырованын, М.А.Сыдыгалиевдин, Н.А.Сыдыковдун, Э.С.Токторовдун, А.К.Шагивалиевдин, А.К.Эрматовдун ж.б. жумуштарын белгилей кетели.

Мамлекеттик башкаруу тутумун административдик жөнгө салуунун жалпы маселелери менен А.Н.Адилов, С.А.Алымкулов, Э.Э.Дуйсенов, К.К.Керезбеков, К.Т.Камытов, Э.Э.Молдоев, А.Ш.Мамбеткулов, Н.Т.Шерипов, Т.А.Тюлегенов ж.б. алектенишкен.

Жумушта укук бузууларды алдын алуунун негизги маселелерине тутумдук талдоого алуунун өңүтүнөн баа берилет, б. а. көрсөтүлгөн тутумдун ар бир элементи анын ордун жана ролун, курулманын иерархиалуулугун, тутумчанын бар экенин (барыдан

мурда, субъекттердин жана объекттердин тутумчаларынын) эсепке алуу менен сыпатталат. Ушул эле бөлүмдө укук бузууларды «алдын алуунун» жана «эскерүүнүн» ортосундагы ажырымдап чектөө жүргүзүлөт; кылмыштарды алдын алуу тутумунун аракеттенүүсүнүн негизги механизмдери жалпысынан (усулдар, чаралар, иш чаралар, түрлөр, формалар) жана иш-милдеттери каралат; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында камтылган административдик мамиле кылуунун чаралары талдоого алынат. Жалпы республикада жашы жетелектердин арасындагы алдын алуу жумуштарынын орун алган абалы менен каалагандай жагдайдын ортосундагы катаал айырма али жоюлбаган бойдан калып жаткан жөнүндө тыянак чыгарылат – укуктун нормалар аларды түздөн-түз ишке ашыруунун практикасы көрсөтүп жаткандан алдан канча арбын натыйжалуулукту талаптайт.

***Биринчи главанын «Жашы жетелектердин катышуусундагы аяр укуктук мамилелерди административдик-укуктук жөнгө салуу» деген экинчи бөлүмү*** улуттук административдик мыйзамдардагы жашы жетелектердин административдик жоопкерчиликтерин аныктоо көйгөйлөрүнө арналган; жашы жетелек укук бузуучуга тарбиялык таасир этүү чараларын колдонуунун дүйнөлүк тажырыйбасы каралат.

Изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча улуттук мыйзамдарда жашы жетелектердин катышуусундагы аяр мамилелерди укуктук жөнгө салуу ата мекендик да, ошондой эле кыйла натыйжалуу жана жашы жетелек укук бузуучулар менен иш алып баруунун ата мекендик формаларына ыңгайлашуучу дүйнөлүк тажырыйбанын жетишкендиктерин акыл-эстүү өздөштүрүүгө негизделген сапаттык жактан кайра ойлонуп мамиле кылууга жана реформалоого муктаж экени жаатында негизги тыянкак жасалат.

Жашы жетелек укук бузуучуга тарбиялык таасир этүү чараларын колдонуунун дүйнөлүк тажырыйбасы жашы жетелек укук бузуучулар тарабынан жасалган укук бузууларды андан ары алдын алуу жана эскертүү ишинде алардын жогорку натыйжалуулугун ачык-айкын көрсөтүүдө, жана бул жагдайда Кыргызстанда жашы жетелек укук бузуучулар менен иш алып баруу тутумунда дүйнөлүк тажырыйбанын жетишкендиктерин

өздөштүрүү жана киргизүү жолдору табылып жатканы абдан кубунычтуу.

Жашы жетелек укук бузуучулардын арасындагы административдик-тарбия берүү иштери мамлекеттик деңгээлге чейин көтөрүлүүдө жана бул биздин өлкөнүн мамлекеттүүлүгүнүн келечегинин кепилдиги катары жаштарды тарбиялоо Кыргызстанда укуктук демократиялык мамлекеттик жана жарандык коомду куруунун ийгилигине өбөлгө болуучу жагдай болуп саналары менен түшүндүрүлөт.

**«Жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуу тутумунун ишин административдик жөнгө салуунун укуктук формалары жана усулдары» деген экинчи главасы** эки бөлүмдөн турат.

***Экинчи главанын «Жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуу тутумунун негизги субъекеттери катары мамлекеттик органдардын иштерин административдик жөнгө салуу» деген биринчи бөлүмүндө*** Кыргыз Республикасында жашы жетелектердин арасындагы укук бузуулардын алдын алуу тутумунун калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары каралат. Негизги көңүл мында Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилинде бурулат. Бөлүмдө «Кыргыз Республикасындагы укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 25-июнундагы № 82 Мыйзамынын 6-ст. белгиленген алдын алуунун төмөнкү субъекттеринин укуктук абалдарынын негизги көйгөйлөрү ырааттуу каралат:

1) мамлекеттик органдар; 2) өз алдынча башкаруу органдары; 3) коомдук уюмдар; 4) коомдук алдын алуу борборлору.

Мамлекет ушунун өзү менен жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуу тутумунун артыкчылыктуу субъектти катары укук коргоо органдарына мамлекеттик органдардын жана өз алдынча башкаруу органдарынын алдын алуу иштеринин үстүнөн көзөмөлдүк кылуу иш-милдеттерин өкүлдөп өткөрүп берери баса белгиленет. Жумушта Жашы жетелектердин иштери боюнча инспекциянын, Жалпы билим берүүчү мекемелердеги жана атайын мекемелердеги алдын алуу Кеңештеринин, бийликтин жергиликтүү органдарынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн инспекторлорунун идеалдуу модели бөлүп көрсөтүлгөн; алардын иштеринин

натыйжалуулугуна тоскоолдук кылып жаткан негизги укуктук көйгөйлөрү ачып көрсөтүлгөн; тиешелүү сунуштамалар сунуш кылынган.

Алдын алуу тутумунун субъекттеринин ушул тобунун ишин жөндөөчү мыйзамдарды талдоо менен, автор ушул субъекттердин иштерин административдик башкаруунун жетишсиздигине, бул жашы жетелектердин укук бузууларын эскертүүнүн жана бөгөт коюунун жалпы саясатына таасирин тийгизерине, ошондой эле каралып жаткан тутумдун субъекттеринин өз ара аракеттенүүлөрүнүн механизмдери иштеп чыгылбаганына, бул мыйзам актыларын иш жүзүндө колдонууда бир катар коллизияларды жаратарына көңүл бурдурат; тутумдун субъекттеринин иштерин көзөмөлдөө боюнча административдик регламенттин механизмдери иштеп чыгылбаган – мунун баары ушул проблематика боюнча ченемдик документтердин бүтүндөй пакетин кайра карап чыгуу, алдын алуунун ар түрдүү субъекттеринин бири-биринин иш-милдеттерин кайталоолорун четтетүү максатында ардык мыйзамдык ченемдерди жаңылоо жана бирдейлештирүү жана алардын ишинин механизмдерин өркүндөтүү жолу менен, ушул чөйрөдөгү административдик-укуктук жөнгө салуунун зарылдыгына алып келет.

***Экинчи главанын «Жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана эскертүү тутумунун субъекеттери катары коммерциялык эмес уюмдардын ишин административдик жөнгө салуу» деген экинчи бөлүмүндө*** жарандык коомдун институттарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, ошондой эле үй-бүлөнүн алдын алуу иштерин жөнгө салууга өзгөчө көңүл бурулган.

Бүгүн жашы жетелектердин укук бузууларын эскертүүнүн жана бөгөт коюунун субъекттерине маселелердин эң кеңири чөйрөсү боюнча өз ара аракеттенүүлөрдүн натыйжалуу механизмдерин түзүү зарыл деген негизги тезис ырааттуу далилденет. Бир жагынан, жарандык сектордун ролу, анын мониторинг жана изилдөөлөрдү жүргүзүүдөгү, балдардын жана өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун алдын алуудагы тажырыйбалары менен, тимеле баа жеткис; экинчи жагынан – алдын алуунун бардык субъекттеринин үй-бүлөлөр менен тыгыз байланыштары,

үй-бүлөлөрдүгү жайсыздыктарды алгачкы баскычтарында ашкерелөө жана алдын алуу жумуштарын жүргүзүү – жашы жетелектердин укук бузууларын эскертүүдө жана бөгөт коюуда башкы жагдай.

Азырынча болсо алдын алуу субъекттеринин ортосунда мындай өз ара тыгыз байланыш жок: жайсыз үй-бүлөлөрдү алгачкы баскычтарында табуу боюнча эсепке алуунун калыптанган туруктуу тутуму түзүлгөн эмес; жашы жетелектерди үй-бүлөлүк зомбулуктан жана катаал мамиледен коргоонун натыйжасыз уюштуруучулук-укуктук тутуму орун алган; жашы жетелектердин ЖМК жана Интернет аркылуу зыяндуу жана кооптуу маалыматтарды алууларын чектөө чаралары иштеп чыгылбаган. Ушул максатта алардын жашы жетелектердин укук бузууларын эскертүү жана бөгөт коюу саясат ишке ашыруудагы өз ара тыгыз аракеттенүүлөрүнүн жана максималдуу катышууларынын шарттарында, мамлекеттик социалдык кызматтардын, укук коргоо органдарынын, коомдук бирикмелердин ортосунда тарбиялоо жана алдын алуу компетенцияларын катуу ажырымдап бөлүштүрүүнү жүргүзүү сунуш кылынууда.

Жалпыга маалымдоо каражаттары дагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун алдын алуунун мамлекеттик саясатына толук аралашып көмөктөшүүлөрү тийиш, ал эми көз карандысыз жана электрондук ЖМК карата таасирдүү коомдук көзөмөл уюштурулушу керек.

**«Жашы жетелектердин арасындагы укук бузуулардын алдын алууну уюштуруу моделин өркүндөтүү» деген үчүнчү глава** үч бөлүмдөн турат.

***Үчүнчү главанын «Жашы жетелектердин арасындагы укук бузуулардын алдын алууну уюштуруунун усулдарынын натыйжалуулугун жогорулатуу механизмдери» деген биринчи бөлүмүндө*** автор жашы жетелектердин укук бузууларын эскертүү жана бөгөт коюу тутумунун кыйла натыйжалуу ттүзүмүн долбоорлойт жана ага үч төмөнкү компонентти киргизүүнү негиздемелейт:

1)уюштуруучулук-мазмунудук; 2)технологиялык; 3)кадрдык.

Уюштуруучулук-мазмундук компонентке ИИБ жашы жетелектердин иши боюнча бардык бөлүмчөлөрү; жазыктык издөө

бүлүмдөрү; балдардын иштери боюнча комиссиялар киргизилиши керек. Мына ушул түзүмдөр алдын алуу жумуштарынын жүрүшүндө өз ара бир кыйла тыгыз аракеттенишүүлөрү тийиш.

Педагогикалыкка төмөнкүлөр кирет: 1) алдын алууну жана таасир этүү чараларын колдонуунун жүзөгө ашырууда негиз катары педагогикалык маилелерди пайдалануу; 2) алдын алуунун атайын каражаттарын педагогикалаштыруу; мектептердин ИИБ бөлүмчөлөрү менен биргелешип иштөөлөрү.

Алдын алуунун атайын каражаттарына негизинен кайра тарбиялоонун төмөнкүдөй катаал чараларын киргизүүгө болот: 1) тарбиялык таасир этүүнүн мажбурлоочу чараларын; 2) чектөөчү чараларды; өзгөчө татаал учурларда песихикасы абдан бузулган өспүрүмдөргө медициналык психиатриалык жардам көрсөтүүлөр жана андан кийинки реабилитациялоо кирет.

Кадрдык компонент жашы жетелектер менен иштөө боюнча тийиштүү кадрларды максат көздөөчүлүк менен даярдоону өзүнө камтышы керек. ИИБ жана укук бузууларды алдын алууга жооптуу кызматтардын кызматкерлерин даярдоонун жана кесиптик даярдыктарын жогорулатуунун үзгүлтүксүз иштөөчү, бирдиктүү тутумун түзүү сунуш кылынат. Бул тутум өз алдынча окууларды, чөлкөмдүк, анын ичинде ведомстволор аралык семинарларды, илимий-практикалык конференцияларды, тийиштүү органдарда жана ведомстволордо ар түрдүү стажировкаларды өткөрүүнү, жакшы тажырыйбаларды жайылтууну өзүнө камтышы керек.

***Үчүнчү главанын «Укук бузуулардын алдын алуунун негизги ыкмасы катары жашы жетелектердин укуктук аң-сезимин калыптандырууга карата комплекстүү мамиле»*** деген экинчи бөлүмүндө диссертант өлкөнүн болочок жарандарында мыйзамга карата сый-урматты, анын адилеттүүлүгүнө бекем ишенимди тарбиялоодо турган жашы жетелектердин укуктук аң-сезимин калыптандыруу, балдардыкын кошуп алганда, кандай болбосун кылмыштуулукту алдын алуунун, эскертүүнүн фундаменталдык негизи болуп саналат. Мыйзамды сыйлоо, өзүнүн келекчектеги өмүрүндө ийгиликке жетүүнү каалаган, бардык өсүп келе жаткан муундар үчүн норма болуп калышы керек.

Автор өз ичине жашы жетелектерди тарбиялоонун төмөнкү формаларын камтыган комплекстүү программанын маани-маңызын

ачып көрсөтөт: адеп-ахлактык-укуктук; жарандык-укуктук; этикалык-укуктук; атуулдук-патриоттук тарбиялоо. Кыргызстанда жашы жетелектерди укуктук тарбиялоону уюштурууга карата комплекстүү мамиле кылуунун маани-маңызы гумандуу максатка ээ: коомдогу чыңалуунун деңгээлин басаңдатуу, тынчтыкты чыңдоо, мыйзамды сыйлоону жана коомдогу жүрүм-турумду жөнгө салуунун цивилизациялуу ыкмасы катары укукка карата урматтоо менен мамиле кылууну калыптандыруу. Укуктук билим берүүгө жана тарбиялоого карата комплекстүү мамиле ошондой эле мыйзамдык, уюштуруучулук, ресурстук, маалыматтык ж. б. чараларды бириктирүүнү талаптайт. Демек, бүгүн жашы жетелектердин укуктук аң-сезимдерин калыптандыруу боюнча иштердин өзү эле эмес, ошондой эле анын мыйзамдык базасы дагы өркүндөтүүгө мыктаж.

Ушул формалардын ар бирин кароо менен, автор мына мындай тыянакка келет, бара-бара укуктук тарбия берүүнүн, укуктук билим берүүнүн жана укуктук маданиятты жогорулатуунун өз ара байланыштуу жана интеграцияланган тутумун калыптандыруу жашы жетелектердин арасындагы укук бузууларды олутуу төмөндөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***Үчүнчү главанын «Жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу тутумуна ювеналдык технологияларды киргизүү» деген үчүнчү бөлүмүндө*** улуттук сот тутумунун көйгөйлөрүн талдоонун негизинде жашы жетелектердин иштери боюнча сот адилеттүүлүгүн реформалоого карата жаңыча мамиле кылуу сунуш кылынат, анын түпкү максаты жашы жетелектердин укуктарын коргоонун эл аралык стандарттарга шайкеш ювеналдык тутумун түзүү болуп калыш керек, ал төмөнкү бир нече өңүттөрдү өзүнө камтуусу тийиш: 1) ювеналдык юстицияны калыптандыруу үчүн уюштуруучулук негиздерди түзүү; аймактык эксперименттердин алкактарында сот адилеттиги тутумуна ювеналдык юстициянын айрым элементтерин киргизүү, талдоо жана иш тажырыйбаларды жана натыйжаларды жалпылоо; 2) ювеналдык тутумга жумушка тартылышы мүмкүн болгон кадрларды маалыматтык-методологиялык камсыз кылуу жана кесиптик адаптациялоо; 3) Кыргызстанда ювеналдык тутумдун пайда болуусунун концептуалдык жана практикалык негиздерин

калыптандыруу; 4) ювеналдык тутумдун негизги ченемдерин жана институттарын түзүү.

Бөлүмдө жогоруда саналган багыттардын ар бири кеңири каларылп чыккан.

Автор сунуш кылган моделге ылайык, анын борбордук өзөгү ювеналдык юстиция (өз алдынча сот же жалпы жазык сотунун коллегиясы) болуп калышы керек. Сот адилеттигин түздөн-түз жүзөгө ашырбаган, бирок өзүнүн иштеринде жашы жетелектердин иштери боюнча сот адилеттигин камсыз кылууга байланыштуу, ювеналдык тармактагы мекемелерди да ошондой эле ювеналдык тутумдун түзүмдүк элементи катары эсептөө сунуш кылынган. Андайларга төмөнкүлөр киргизилген: 1) жашы жетелектердин көзөмөлсүз калууларын жана укук бузууларын алдын алуу тутумунун мекемелери жана алар менен байланыштуу органдар: саламаттыкты сактоо мекемелери; 2) билим берүү мекемелери; 3) калкты жумуш менен камсыз кылуу кызматтары; 4) жаштар иштери боюнча органдар; 5) камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органдары; 6) коомдук жана кайрымдуулук уюмдары; 7) акыйкатчы институту (баланын укуктары боюнча бөлүм) жана адам укуктары боюнча комиссия; 8) калкты социалдык коргоо органдарындагы жашы жетелектер үчүн социалдык кызматтар (социалдык башпааналар; турмуштук татаал кырдаалдарда калган жашы жетелектер үчүн социалдык-реабилитациялоо борборлору; ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн кризистик борборлор; сотко караштуу социалдык жумуш кызматы); 9) курмандыктарды жана укук бузуучуларды элдештирүү борборлору; жашы жетелектердин иштери боюнча комиссия; 10) ИИБ жашы жетелектердин иштери боюнча бөлүмдөр, жашы жетелектердин иштери боюнча тергөө органдары; 11) ювеналдык адвокатура; 12) ювеналдык прокуратура; 13) жаза аткаруу мекемелери; 14) тарбиялык таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекмелелер.

Ювеналдык юстиция реалдуулук болуп калышы үчүн бир катар өбөлгөлөр зарыл: укуктук негиз, мекеме түрүндө жашы жетелектер менен иштөөчү уюштуруучулук түзүм жана социалдык база.

## ТЫЯНАКТАР

Диссертациялык изилдөөнүн корутундусунда диссертациянын мазмуунунан келип чыккан төмөнкүдөй тыянактар берилген:

1. Укук бузуулардын алдын алуу дегенде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын, эмгек жамааттарынын, кызмат адамдарынын жана жарандардын укукка каршы жосундарды жасоого өбөлгө болуучу себептерди жана шарттарды ашкерелөөгө, иликтөөгө, четтетүүгө жана болтурбоого, жашоонун жагымдуу шарттарын түзүүгө жана иш-аракеттеринде коомго каршы багытталгандык болгон айрым адамдардын индивидуалдуу тарбияланусун камсыз кылууга, жарандардын мыйзамга баш ийген жүрүм-турумдарын арбытуучу факторлорду жигердендирүүгө, укуктук, социалдык-экономикалык, уюштуруучулук, тарбиялык, атайын жана башка укукка каршы жосундарды алдын алуу боюнча чаралардын тутумун иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга багытталган иштерин түшүнүү керек.

2. Жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана эскерүү тутуму түшүнүгү терминологиялык талдоо муну ар түрдүү чечмелөө ушул дефинициянын маани-маңызын ар башкача түшүнүүгө алып келерин көрсөттү, мына ушул жагдай төмөнкүдөй автордук чечмелөөнү иштеп чыгуунун зарылдыгын жаратты: «Жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана эскертүү тутуму – бул ушул тутумдун субъекттери тарабынан жашы жетелектердин укукка каршы жүрүм-турумдарын болтурбоо жана эскертүү боюнча чараларды уюштуруу боюнча жөндөөчү, коргоочу жана тарбия берүүчү иш-милдеттерди аткаруучу социалдык тутуму».

3. Жашы жетелектердин катышуусундагы аяр мамилелерди укуктук жөнгө салуу ата мекендик да, ошондой эле кыйла натыйжалуу жана жашы жетелек укук бузуучулар менен иштерди алып баруунун ата мекендик формаларына ыңгайлашуучу дүйнөлүк тажырыйбанын жетишкендиктерин акыл-эстүү өздөштүрүүгө негизделген сапаттык жактан кайра ойлонуп мамиле кылууга жана реформалоого муктаж.

4. Жашы жетелектердин административдик жоопкерчилиги дегенде юридикалык жоопкерчиликтин өзгөчө түрүн түшүнүү керек, ал административдик укук бузуу жасаган жашы жетелек адамга карата ыйгарым укуктуу орган же кызмат адамы тарабынан администартивдик жаза чарасын колдонуудан көрүнөт. Жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуу жана эскертүү тутумуна мамлекеттик органдар да, ошондой эле жашы жетелек адамдардын укук бузууларына бөгөт коюу жана болтурбоо боюнча чараларды жылдырууга ыйгарым укук берилген коммерциялык эмес уюмдар да кирет. Алардын ишинин укуктук статусу каралып жаткан тутумда мыйзамдык негизде бекитилген.

5. Жашы жетелектердин укук бузууларынын алдын алуу жана эскертүү тутумунун субъекттери катары катары мамлекеттик органдарды талдоо төмөнкүлөрдү көрсөттү:

– ушул субъекттердин ишин административдик башкаруунун жетишсиздиги, бул укук бузууларды алдын алуунун жалпы саясатына таасирин тийгизет, ал эми бул ушул проблематика боюнча ченемдик документтердин бүтүндөй пакетин кайра карап чыгуу, алдын алуунун ар түрдүү субъекттеринин бири-биринин иш-милдеттерин кайталоолорун четтетүү максатында бардык мыйзамдык нормаларды жаңылоо жана бирдейлештирүү жана алардын ишинин механизмдерин өркөндөтүү жолу менен, ушул чөйрөнү административдик-укуктук жөнгө салуунун зарылдыгына алып келет;

– кылмыштуулуктун алдын алуу маселелери боюнча мамлекет менен жарандык коомдун ортосунда тыгыз кызматташуу жана өз ара аракеттенишүү жолго коюлган эмес.

6. Колдонуудагы мыйзамдарда «үй-бүлө мүчөсү», «үй-бүлөнүн социалдык өсүшү», «жаш үй-бүлө», «үй-бүлөнүн коопсуздугу» ж. б. деген сыяктуу түшүнүктөрдүн аныктамасы жок. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдарынын тексттеринде мына ушул түшүнүктөргө шилтеме берилет. Ошондой эле балдарды эзгендик үчүн ата-энелердин жоопкерчиликтери белгиленген эмес.

7. Жашы жетелектерди Интернеттин зыяндуу таасир этүүсүнөн калкалоо үчүн аларга тыюу салуу предметине сайттарды текшерүүлөрдү жүргүзүү жана анда төмөнкүлөрдү камтыган,

сайттарды идентификациялоого мүмкүнчүлүк берүүчү, Интернеттеги сайттардын беттерин жана тармактык даректерин көрсөтүү менен, «Домендик аталыштардын бирдиктүү реестрин» түзүү, сунуш кылынган: тыюу салынган маалыматтарды, б. а. төмөнкүлөрдү камтыган: 1) порнографиялык сүрөттөрдү; 2) үй шарттарында баңгизат каражаттарын даярдоонун ыкмалары; өзүн өзү өлтүрүүнүн ыкмалары жөнүндө; жихадка ж. б. чакырган жөнүндө маалыматтарды жайгаштырган.

8. Жалпыга маалымдоо каражаттары дагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун алдын алуунун мамлекеттик саясатына толук аралашып көмөктөшүүлөрү тийиш, ал эми көз карандысыз жана электрондук ЖМК карата таасирдүү коомдук көзөмөл уюштурулушу керек.

9. Укук бузууларды алдын алуунун негизги ыкмасы катары жашы жетелектердин укуктук аң-сезимин калыптандырууга карата комплекстүү мамиле кылуу төмөнкү формаларда ишке ышырылышы керек: адеп-ахлактык-укуктук, жарандык укуктук, этикалык-укуктук жана атуулдук патриоттук тарбиялоо.

10. Кыргызстандын аймактарында ювеналдык юстициянын элементтерин киргизүү, төмөнкүлөрдү камсыз кылууга мүмкүнчүлүк бермек:

– жашы жетелектердин арасындагы укук бузуулардын алдын алуу чараларын оптималдаштырууга;

– жашы жетелектерге карата кабыл алынган укуктук чечимдердин директүү жана адилеттүү болушун, бул жашы жетелектердин укук бузууларынын кыскаруусуна жана эркиндигинен ашыратылган жерлерге жиберилген жашы жетелек соттологондордун санынын кыскарышына алып келмек;

– алардын жашоо жана тарбия берүү шарттары сыяктуу, ошондой эле алар жасаган укук бузуулар менен байланышкан жарандык, административдик жана кылмыш-жаза иштерин чечүүдө жашы жетелектердин жана жаштардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун реалдуулугу.

11. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр төмөнкүдөй практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди:

11.1. Мыйзамдарга өзгөртүүлөр:

- *Административдик жоопкерчилик тууралуу кодекс:*

– тобокелдик топторундагы балдарды табуу жана алардын абалына такай мониторинг жүргүзүү боюнча милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын жоопкерчиликтерин киргизүү;

– алар жашы жеткенче балдарды тарбиялоо боюнча ата-энелердин укуктарын жана милдеттерин белгилеген ченем киргизүү; балдарды тарбиялоо боюнча өз милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн ата-энелердин жоопкерчиликтерин күчөтүү.

- *«Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*

– 8-ст. 2-б. төмөнкүдөй мазмун менен толукталсын: *«жашы жетелектердин иштери боюнча инспекторлор – жашы жетелектердин арасындагы кылмыштардын жана административдик укук бузуулардын себептерин жана алардын жасалышына өбөлгө болуучу шарттарды тапсын, өз ыйгарым укуктарынын чектеринде аларды четтетүү боюнча чараларды көрсүн»;*

- *Балдардын иштери боюнча Комиссия жөнүндө типтүү жобону* Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-июлундагы «Балдар жөнүндө» Кодексинин 30-бер. редакциясына ылайык келтирүү зарыл. Төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылабыз:

1) баланы убактылуу жайгаштыруу боюнча чараларды регламенттөө, анда Комиссия Балага камкордук көрүү Планын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү тарабынан киргизилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 1-октябрындагы № 670 Токтому менен бекитилген Баланы (балдарды) асырап алуучу үй-бүлөгө берүү жөнүндө Келишимди жактыруу жолу менен баланы убактылуу жайгаштырууга макулдук берет;

2) «Кыргыз Республикасындагы укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20,

21-ст. ылайык балага коомдук тарбиячыларды дайындоо комиссияга жүктөлсүн.

11.2. Укук бузуулардын алдын алууну өркөндүтүү боюнча уюштуруу чаралары:

1) маалыматтардын бирдиктүү базасын түзүү:

- ар түрдүү себептер боюнча ички иштер органдарына алынып келинген өспүрүмдөр жана аларга карата көрөлгөн чаралар жөнүндө;
- селсаяктык кылууга ык койгон жакын өспүрүмдөр;
- тарбиялоодон жана окуудан качкан өспүрүмдөр;
- алдын алуу эсебине коюлгандар.

2) алдын алуунун аналитикалык өңүтүн ишке ашыруу үчүн – бардык маалыматтар сакталуучу маалыматтык банкты түзүү:

- тарбиясы оор өспүрүмдөр жөнүндө (алардын социалдык-демографиялык, психофизикалык, инсандык адеп-ахлактык-психологиялык касиеттери);
- курчап турган чакан чөйрөлөрү;
- алдын алуу субъекттеринин көргөн чаралары;

3) балдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо үчүн – балдардын укуктары боюнча Ыйгарым укуктуунун институтун киргизүү;

4) укуктук тарбия жана билим берүүнүн комплекстүү тутумун калыптандыруу боюнча иштерди ресурстук камсыз кылуу үчүн – көз карандысыз статусу менен Укуктук тарбия берүү боюнча республикалык илимий-изилдөө борборун түзүү. Бул борбордо төмөнкүдөй илимий-усулдук бөлүмдөрдү түзүү зарыл:

- чет өлкөлүк алдыңкы тажырыйбаларды окуп-үйрөнүүнүн негизинде, адистештирилген программаларды жана окуу китептерин, илимий адабияттарды, жалпы республикалык мониторингдин жалпыланган маалыматтарын түзүү боюнча;
- алдыңкы маалыматтык технологиялардын негизинде, укуктук тарбиялоонун жана окутуунун жаңы формаларын жана усулдарын иштеп чыгуу боюнча;
- маалыматтык-пропагандисттик жумуштар боюнча;
- республиканын окуу мекемелеринде көчмө иш-чараларды уюуштуруу жана өткөрүү боюнча (белгилүү адамдар

менен жолугушуулар, конкурстарды, тематикалык кечелерди, театрлаштырылган көрсөтүүлөрдү ж. б. уюштуруу).

11.3. Укук бузуулардын алдын алуу боюнча мамлекеттик саясат:

*Жашы жетелектердин иштери боюнча инспекциялардын ишинин беделин көтөрүү үчүн:*

- балдардын психологиясы жана кылмыштарды алдын алуунун негиздери боюнча адситештирилген сабактарды жана атайын курстарды окуу программасына киргизүү жолу менен өлкөнүн жождорунда Жашы жетелектердин иштери боюнча испекциянын кадрларын максатуу даярдоо;
- ШИИБ жана РИИБ Жашы жетелектердин иштери боюнча испекциялардын адистештирилген бирикмелерин түзүү, тиешелүү маяналары жана жеңилдиктери менен штаттык санын белгилөө;
- андан ары кесиптик даярдыктарын жогорулатуу курстарында окутуу менен, Жашы жетелектердин иштери боюнча испекциялардын адистештирилген бирикмелерине талапкерлерди тандап алуунун катуу конкурсун өткөрүү;
- ИИМ академиясында же КМЮА Жашы жетелектердин иштери боюнча испекциялардын кызматкерлерин даярдоо боюнча кафедра же адистештирүүнү ачуу.

*Жайсыз үй-бүлөлөрдү эртерээк алдын алууну жана табууну өркүндөтүү үчүн:*

- үй-бүлөнү балдарды жана өспүрүмдөрдү социалдаштыруунун жетектөөчү институту катары таануу;
- үй-бүлөгө, баарыдан мурда социалдык тобокелдик тобундагы үй-бүлөлөргө социалдык-укуктук, социалдык-педагогикалык жана медициналык-психологиялык жардам көрсөтүү программасын иштеп чыгуу;
- кылмыштуулуктун алдын алуу саясатын ишке ашырууда алардын тыгыз өз ара аракеттенүүлөрүндө жана максималдуу катышууларында мамлекеттик социалдык кызматтардын, укук коргоочу органдардын, коомдук бирикмелердин ортосундагы тарбия берүүчүлүк жана алдын

алуучулук компетенцияларын катуу ажырымдап бөлүштүрүүнү жүргүзүү.

11.4. Жашы жетелектердин арасындагы укук бузууларды башкаруунун түзүмүнүн моделин уюштуруу боюнча сунуштар:

*1) уюштуруучулук-мазмундук компонент:*

– ИИБ жашы жетелектердин иштери боюнча бөлүмдөрү; жазыктык издөө, ошондой эле балдардын иштери боюнча комиссиялар үчүн:

- жашы жетелектердин арасындагы алдын алуу иштеринин багыттарынын жана милдеттеринин жалпы планын иштеп чыгуу;
- өз ара аракеттенүүнүн деңгээлдерин жана формаларын аныктоо, жалпы компетенцияларды иштеп чыгуу.
- кординациялоочу борбор – КР ИИМ. Бул үчүн чектөөнү өз алдынча алдын алуучу кызматты түзүү зарыл, ал өз түзүмүнүн – тергөөчү, оперативдик жана инспектордук кызматтардын ичинде да – кылмыштардын алдын алуу маселелери боюнча иштерди координациялоого жана бул кызматтарга милдеттерди коё билүүгө, алдын алуу иш чараларын жүргүзүүнүн ыкмаларын жана каражаттарын аныктоого, ошондой эле балдардын иштери боюнча комиссиялардын иштерин координациялоого жөндөмдүү болушу керек.
- мектептердин, социалдык коргоо органдарынын, билим берүү башкармалыгынын жана билим берүү мекмелеринин өзүн өзү башкарууларынын алдын алуу Кеңештери; жаштардын иштери боюнча; саламаттыкты сактоо, жумушка орноштуруу башкармалары; маданият, спорт жана туризм мекемелери үчүн – дагы өз ара аракеттенишүүнүн деңгээлдерин жана формаларын аныкташат, жалпы компетенцияларды иштеп чыгышат. социалдыкчу

*2) технологиялык компонент:*

- педагогикалык:

1) алдын алууну жүзөгө ашырууда жана негиз катары таасир этүү чараларын колдонууда педагогикалык мамилелерди пайдалануу;

2) алдын алуунун атайын каражаттарын педагогикалаштыруу; мектептердин ИИБ бөлүмдөрү менен биргелешип иштөөлөрү.

- атайын:

1) тарбиялык таасир этүүнүн мажбурлоо чаралары;

2) чектөө чаралары; өзгөчө татаал учурларда медициналык психиатриялык жардам көрсөтүү жана психикалары анык бузулган тарбиялоо оор өспүрүмдөрдү андан ары реабилитациялоо кирет.

*3) кадрдык* – жашы жетелектер менен иштөө боюнча кадрларды максат көздөөчүлүк менен даярдоо. Бул үчүн ИИБ жана укук бузууларды алдын алуу үчүн жооптуу болгон кызматтардын кызматкерлерин даярдоонун жана квалификацияларын жогорулатуунун туруктуу иштөөчү, бирдиктүү тутумун түзүү зарыл. Бул тутум өз ичине төмөнкүлөрдүү камтышы керек:

- өз алдынча окууну уюштуруу;
- чөлкөмдүк семинарларды, анын ичинде, ведомстволор аралык илимий-практикалык конференцияларды өткөрүү;
- тийиштүү органдарда жана ведомстволордо ар түрдүү стажировкаларды уюуштуруу;
- жакшы тажырыйбаларды жайылтуу;
- жашы жетелекктердин арасындагы укук бузуучулукту талдоого алуу жана болжолдоо.

Артыкчылыктуу багыттар:

- бирдиктүү аймактык тарамдардын ведомстволор аралык маалыматтык өз ара аракеттенүүлөрү, маалыматтык-статистикалык тутумдарды толук автоматташтыруу жана компьютерлештирүү;
- эсепке алуунун жана отчеттуулуктун бирдиктүү тутумун, ички иштер органдарынын ичиндеги коррупциялык кылмыштар жана укук бузуулар менен күрөшүүнүн натыйжаларына баа берүүнүн жана тартибинин бирдиктүү критерийлерин камсыз кылуу, терс жүйөлөр боюнча жана коорупциялык кылмыштарды жасашканы үчүн кызмат

орундарынын бошотулган же төмөндөтүлгөн милиция кызматчылар жөнүндө маалыматтар банкын түзүү;

- кылмыштуулук жана укук бузуулар жөнүндө мамлекеттер аралык маалыматтар банкы менен өз ара байланыш жана маалыматтарды алмашуу;
- административдик укук бузууларды эсепке алуунун бирдиктүү тутумун түзүү.

11.5. Кыргызстанда ювеналдык юстицияны өнүктүрүү боюнча сунуштар:

1) кыргыз мыйзамдарын жашы жетелектердин иштер боюнча сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун эл аралык стандарттары менен шайкеш келтирүү (мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү)

2) «Ювеналдык юстиция жөнүндө», «Ювеналдык соттун алдындагы социалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын айрым Мыйзамдарын кабыл алуу;

3) ювеналдык юстиция институтун (жашы жетелектердин иштери боюнча адистештирилген сотторду же жалпы жазык сотунун курамында жашы жетелектердин иштери боюнча коллегияларды) жана жашы жетелектердин укуктарын коргоонун ювеналдык тутумунун негизги элементтерин түзүү.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫК КОРГОН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. Сопубекова, Н.Т. Содержание профилактических мер по предупреждению преступлений несовершеннолетних. [Текст] / Н.Т. Сопубекова // НАН Кыргызской Республики. Институт философии и права. Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. – 2008. – Вып.9 – С.479-484.

2. Сопубекова, Н.Т. Проблемы индивидуальной превенции преступности несовершеннолетних [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Научно-методический журнал «Вестник КГЮА». – 2008. – №2 – С.85-88.

3. Сопубекова, Н.Т. Роль института пробации в системе предупреждения преступности несовершеннолетних: международный опыт [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Научно-периодическое издание «Вестник Академии МВД Кыргызской

Республики имени генерал-майора милиции Алиева Э.А.» – 2009. – №10 – С.213-218.

4. Сопубекова, Н.Т. Насильственные преступления несовершеннолетних: роль криминологического мониторинга в системе профилактики и предупреждения [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Вестник Казахского национального университета имени Аль-Фараби. – 2009. – № 2 (50) – С.233-236.

5. Сопубекова, Н.Т. Ювенальная юстиция как инструмент предупреждения насильственной преступности несовершеннолетних [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Научно-методический журнал «Вестник КГЮА». – 2009. – № 1 – С.231-233.

6. Сопубекова, Н.Т. Влияние социально-психологических факторов на преступления несовершеннолетних [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Журнал «Право и политика». – 2010. – №2 – С.85-88.

7. Сопубекова, Н.Т. Актуальные вопросы формирования административной системы профилактики правонарушений несовершеннолетних в Кыргызстане [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Журнал «Вестник КГЮА». – 2013. – № 1 – С.56-60.

8. Сопубекова, Н.Т. Административно-правовое регулирование системы профилактики правонарушений несовершеннолетних [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Журнал научных публикаций «Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук». Москва. – 2014. – № 2(61) часть II – С.71-74.

9. Сопубекова, Н.Т. Ретроспектива административно-правового регулирования системы профилактики правонарушения несовершеннолетних [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Сборник материалов международного круглого стола «Современные проблемы криминалистики», посвященного 60-летию профессора кафедры уголовно-процессуального права и криминалистики Казахского гуманитарно-юридического университета Ким К.В. г.Астана. – 2015. – С.213-217.

10. Сопубекова Н. Т. Механизмы повышения эффективности методов организации профилактики правонарушений среди несовершеннолетних // Вестник науки и образования №11 (23), 2016. – С.81-83.

11. Сопубекова, Н.Т. Институты гражданского общества в системе профилактики правонарушений несовершеннолетних [Текст] / Н.Т. Сопубекова // III Международная научно-практическая конференция «Наука и образование: инновации, интеграция и развитие» 29-30 апреля 2016 г. г. Уфа. – 2016. – С.174-181.

12. Сопубекова, Н.Т. Жашы жете электердин укук бузуу иштериналдын алуу системасын башкаруу жана укуктук жөнгө

салуунун ретроспективасы [Текст] / Н.Т. Сопубекова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Университетинин Жарчысы. Илимий-педагогикалык периодикалык журналы. Атайын чыгарылышы. – 2016. – С.133-136.

13. Сопубекова, Н.Т. Формирование правосознания несовершеннолетних как основной способ профилактики правонарушений [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Журнал «Наука, новые технологии и инновации». – 2016. – № 9 – С.162-164.

14. Сопубекова, Н.Т. Административно-правовое регулирование деликтных правоотношений с участием несовершеннолетних [Текст] / Н.Т. Сопубекова // Журнал «Наука, новые технологии и инновации». – 2016. – № 9 – С.169-171.

15. Сопубекова, Н.Т. [соавт.] Ювенальная юстиция: учебно-методическое пособие / А.М. Джоробекова, Г.С. Шейшекеева, Н.Т. Сопубекова, Ж.С. Сабитова, А.А. Кадырова. – Бишкек, 2016. – 300 с.

Сопубекова Назира Толоновнанын **« Жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуунун жана бөгөт коюунун тутуму: административдик-укуктук аспектиси»** деген темада юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 12.00.14 - административдик укук; финансы укук, маалыматтык укук адистиги боюнча жазылган диссертациялык изилдөөсүнө


## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр:** жашы жетпегендер, жашы жетпегендердин административдик жоопкерчилиги, жашы жетпегендердин укугунун бузуулушуна тыюу салуу, жашы жетпегендердин укук бузуларын алдын алуу субъектиси, административдик мыйзам чыгаруу, укуктук ченемдер, ювеналдык юстициясы.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси:** жашы жетпегендердин укук бузуларын эскертүүсүнө байланышкан коомдук мамилелер.

**Изилдөөнүн максаты:** жашы жетпегендердин укук бузууларын алдын-алуу жана эскертүү боюнча субъектилердин ишмердигин административдик-укуктук жөнгө салуу системасын комплекстүү теориялык жана укуктук талдоо, жашы жетпегендердин укук бузууларын алдын алуу тармагында улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүгө илимий негизделген сунуштарды киргизүү.

**Изилдөөнүн методу:** диссертацияда системалык жол колдонулунган, аны менен бирге: диалектикалык, формалдуу-логикалык, формалдуу-укуктук, салыштырмалуу-укуктук таануу ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** диссертацияда жашы жетпегендердин укук бузууларын алдын-алуу жана эскертүү боюнча субъектилердин ишмердигин административдик-укуктук жөнгө салууну жакшыртуу үчүн өркүндөтүүнүн негизги жолдору аныкталган; Кыргызстанда ювеналдык юстициянын механизмдерин киргизүү зарылдыгы көрсөтүлгөн.

**Иштин практикалык маанилүүлүгү:** Автор тарабынан административдик мыйзамдарды жакшыртуу жана практикада колдонуу максатында түзүлгөн теориялык жыйынтыктар жана практикалык сунуштар алынган жыйынтыктарды жана тыянактарды колдонуу мүмкүндүгүн шарттайт.

**Колдонуу тармагы:** диссертациянын материалдары илимий-изилдөө ишмердигинде, админстративдик жана үй-бүлөлүк укук сабактары боюнча лекцияларда окууда, семинардык сабактарды өткөрүүдө, "Ювеналдык юстиция" сабагын окуп үйрөнүүдө колдонулушу мүмкүн. Теориялык тыянактар жана практикалык сунуштар тийиштүү ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүү киргизүү сунушталат.

**РЕЗЮМЕ**

диссертации **Сопубековой Назиры Толоновны** на тему: «**Система предупреждения и пресечения правонарушений несовершеннолетних: административно-правовой аспект»** на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности: 12.00.14 – административное право, финансовое право, информационное право

**Ключевые слова:** несовершеннолетние, административная ответственность несовершеннолетних, пресечение правонарушений несовершеннолетних; субъекты профилактики правонарушений несовершеннолетних, административное законодательство, правовые нормы, ювенальная юстиция.

**Объект исследования –** общественные отношения, связанные с предупреждением правонарушений несовершеннолетних.

**Цель исследования** – провести комплексный теоретико-правовой анализ административно-правового аспекта системы предупреждения и пресечения правонарушений несовершеннолетних; сформулировать научно обоснованные рекомендации по совершенствованию национального законодательства в сфере профилактики правонарушений несовершеннолетних.

**Методы исследования**. В диссертации использовался системный подход, также применялись: диалектический, формально-логический, формально-правовой, сравнительно-правовой методы познания.

**Научная новизна работы**. В диссертации на основе анализа деятельности субъектов системы профилактики и предупреждения правонарушений несовершеннолетних проанализированы административно-правовые методы регулирования данной системы для дальнейшего правоприменения; определены главные пути совершенствования системы мер предупреждения административных правонарушений несовершеннолетних; доказана необходимость введения в Кыргызстане механизмов ювенальной юстиции.

**Практическая значимость работы.** Сформулированные автором теоретические выводы и практические рекомендации обусловливают возможность применения полученных результатов и выводов в целях совершенствования административного законодательства и правоприменительной практики.

**Область применения.** Материалы диссертации могут быть использованы в научно-исследовательской деятельности, при чтении лекций и проведении семинарских занятий по

административному и семейному праву, в процессе изучения дисциплины «Ювенальная юстиция». Теоретические выводы и практические рекомендации могут использоваться для разработки соответствующих поправок в нормативные правовые акты.

## SUMMARY

dissertation research dissertation research of **Sopubekova Nazira Tolonovna** on the theme: **«System of the prevention and suppression of offenses of minors: administrative and legal aspect»** on competition of a scientific degree of candidate of legal sciences, specialty: 12.00.14 – administrative law, financial law, information law

**Keywords**: minors, the administrative liability of minors, prevention of juvenile delinquency; subjects of prevention of offenses of minors, administrative law, legal norms, the juvenile justice system.

**The object of study** – public relations related to the prevention of juvenile delinquency.

**The purpose of the study** – is to conduct a comprehensive theoretical and legal analysis legal and administrative aspects of the system the prevention and suppression of juvenile delinquency; to formulate evidence-based recommendations for improving national legislation in the field of juvenile delinquency prevention.

**Research methods.**. The thesis is a systematic approach is also applied: the dialectic of formal logic, formal and legal, comparative legal methods of cognition.

**Scientific novelty of the work.** In the thesis based on the analysis of activity of subjects of system of prevention and prevention of juvenile delinquency are analyzed administratively-legal methods of regulation of this system for further enforcement; identifies the main ways of improving the system of prevention of administrative offences of minors; the necessity of introduction in Kyrgyzstan mechanisms of juvenile justice.

**Practical significance of the work.** The author formulated theoretical conclusions and practical recommendations make it possible to use the results and conclusions in order to improve administrative legislation and law enforcement practice.

**Scope.** Materials of the thesis can be used in research activities, lecturing and conducting seminars on administrative law, criminal law, as well as in specialized courses. Theoretical conclusions and practical recommendations can be used to develop relevant amendments to the regulations.

**Сопубекова Назира Толоновна**

**Жашы жетелектердин укук бузууларын алдын алуунун жана бөгөт коюунун тутуму: административдик-укуктук аспектиси**

Объем1,56 уч.изд.л.
Тираж 100 экз. Заказ № 95

Типографии ОсОО «Алтын Принт»
720000, г. Бишкек, ул. Орозбекова, 44
Тел.: (+996 312) 62-13-10
e-mail: altyntamga@mail.ru